Раева Т., Малдыбаева Б.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ ТИЛИН БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА ОКУТУУ МЕТОДДОРУ

*Макалада кыргыз тилин башталгыч класста окутуу методикасынын предмети жана милдеттерине кеңири орун берилүү менен, окутуунун негизги методдору, анын негизги бөлүмдөрү болгон сабаттуулукка үйрөтүүнүн методикасы, окуу методикасы, грамматиканын жана орфографиянын методикасы, окуучунун речин өстүрүү методикасы жөнүндө сөз болот.*

Кыргыз тилин окутуунун методикасы педагогика илимдеринин катарына кирет. Аны прикладдык (колдонмо) илим деп атаса болот, анткени ал теорияга таянуу менен окутуунун, тарбиялоонун, билим берүүнүн жана өнүктүрүүнүн практикалык тап-шырмаларын аткарууга багытталган.

Кыргыз тилин башталгыч класста окутуунун методикасынын предмети болуп өз эне тилинде сүйлөй билүү (сүйлөй, окуй жана жаза билүү) процесси эсептелет. Башталгыч класс-старда кыргыз тилин окутуунун методикасы тил жаатындагы көндүм-дөрдү жана жөндөмдөрдү калыптан-дыруунун мыйзамченемдүү көрүнүш-төрүн, тилдин грамматика ж.б. бөлүмдөрү боюнча илимий түшүнүк-төрдүн системасын өздөштүрүүгө, таанып билген мыйзамченемдүүлүк-төрдүн негизинде тилди окутуунун оптималдуу системасын иштеп чыгууга багытталышы керек. Ошол эле учурда методика окутуунун социалдык талаптарын да эске алуусу абзел (Атамекенин сүйүү, күнүмдүк тиричилик, чарбалык иш, маданият, этнопедагогика, улуттук оюндар ж.б.). Методиканын негизги милдеттери жөнүндө сөз болгондо салт болуп калган 3 негизги суроону бөлүп карап келишкен: 1) эмнени окутуу керек? 2) кантип окутуу керек? 3) эмне үчүн ушундай, башкача эмес?

Эмнени окутуу керек? Бул суроонун жообу окутуунун мазмунун иштеп чыгуу менен байланыштуу – кыргыз тили боюнча программалар, окуучулар үчүн окуу китептерин жана ар түрдүү окуу колдонмолорун түзүү жана аларды мугалимдин талабына жараша жаңыр-тып туруу.

Кантип окутуу керек? Ушул суроого ылайык окутуунун методдорун, ыкта-рын, көнүгүүлөр системасын, бул же тигил тапшырмаларды аткаруу боюнча сунуштарды, окуучунун практикалык ишинин, сабак системасынын жайгашуу-сун (жеңилден оорго карай) иштеп чыгышат. «Кантип окутуу керек?» деген суроо дидактиканын орчундуу маселелеринин бири болуп саналат. Бул суроону аныктап-тактоо – окутуу процессинин барк-баасын, маанисин жана ролун толук аңдап түшүнүү маселесинин ийгиликтүү чечилиши, билим берүүдөгү каалаган натыйжаны алуунун негизги шарты жана өбөлгөсү менен тыгыз байланышкан жана окутуу процессинде коюлган максатка жетүү үчүн мугалим кандай иш-чараларды көрүшү керектигине көз каранды. Мына ошол сабак процессиндеги мугалимдин көргөн иш-чаралары, окуучунун аткарган, аткарууга тийиш болгон иш-аракеттеринин жыйындысы окутуунун методдору деп аталат.

Эми «эмне үчүн ушундай, башкача эмес?» деген суроого токтолуп көрөлү. Бул суроо методдорду салыштыруу, методиканы тандоону негиздөө, сунуштарды эксперименттик текшерүү-дөн (сыноодон) өткөрүү ж.б. менен тыгыз байланышкан.

«Кыргыз тилин эне тили катары окутуу практикасында, айрым методикалык эмгектерде окутуунун методдорун ошол даяр түрүндө сырттан келүүчү, окутуу процессине өзүнөн-өзү кызмат кылуучу кандайдыр бир даяр үлгү, көрсөтмө (установка) катары түшүнүү жана мамиле кылуу күч. Айрым методикалык эмгектерде сунуш кылынган методдор белгилүү бир программаны компьютерге киргизип, андан каалаган натыйжаларды алуу боюнча берилген көрсөтмөлөргө окшоп кетет. Мисалы, «мугалим мындай таблица-схема колдонсо, окуучу тигиндей түшүнүккө ээ болот», «Мугалим мындай суроо берсе, окуучу тигиндей жооп берет», «мугалим текст менен иштетесе, окуучу мындай түшүнүк алат» ж.б.у.с.

Окутуунун методдоруна мындай мамиле кылуу, түпкүлүгүндө зыяндуу көрүнүш. Кандай гана

мыкты метод болбосун, ал дидактикалык-теориялык жактан толук негизделбесин, практикада сыналып (апробацияланып), текшерил-бесин, ал өз алдынча турганда болгону идея бойдон кала берет» [3, 15-б.].

Албетте, ар бир эле метод ийкемдүү, алгылыктуу жана натыйжалуу боло бербестиги мыйзамченемдүү көрүнүш. Ал методдун алгылыктуулугу жана жемиштүүлүгү педагогдун өз ишине берилүүсүнө, андан ырахат алуусуна, жан дүйнөсүнө, акыл-эсине, мадания-тына, илим-билимине, чыгармачылык ой-кыялына, атуулдук ар-намысына, шык-жөндөмүнө, социалдык-турмуштук, рухий байлыгына ж.б. байланыштуу жана аны менен карым-катышта чечилет.

Кыргыз тилин окутуунун методикасы окуучулардын билимдеринин, билгич-тиктеринин жана жөндөмдөрүнүн деңгээлин билим берүүнүн ар кайсы баскычтарында изилдеп, окуудагы ийгиликтеринин жана жетишпегендикте-ринин себебин аныктайт, типтүү-речтик, орфографиялык каталарын изилдеп, аны четтетүүнүн жана алдына алуунун жол-жоболорун иликтейт. Убакыт өз максат-милдеттерин жалпы педагогика илимине жүктөгөндөй эле методикага да жүктөп келүүдө. Кыргыз тилин окутуунун методикасында бул маселе өзүнчө иликтөөгө алынбай, окумуштуу-методисттердин (К.К.Сартбаев, А.Ос-монкулов, Б.Өмүралиев, С.Үсөналиев, Ж.Чыманов ж.б.) эмгектеринде өз максаттарына ылайык гана жогорку класстарда кыргыз тилин окутууга тиешелүү айрым маалыматтар, ой-сунуштар айтылып келе жатат. Ошондой болсо да азыркы күндө кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча аз болсо да иштер аткарылып жатат: кээ бир мектептердин башталгыч класстарында (мисалы, Каракол шаарындагы №11-гимназия мектеби, №1 жана №5-орто мектептер) «Кадам артынан кадам» программасы, «Сын ой-жүгүртүүнүн» стратегиялары колдонулууда. Бул программалар окутуунун практикалык багытын жана тарбиялоонун эффек-тивдүүлүгүн жогорулатууга, окутуу процессинде оюнду колдонууга багытталган. Ошондой эле максималдуу түрдө окуучунун окуу процессиндеги таанып билүү активдүүлүгүн жана өз алдынча иштөөсүн, ойлоосун жана речин өстүрүүгө, билимин, жөндөмүн бекемдөөчү методдор жана ыкмалар изилденүүдө жана изилдөөнү талап кылууда.

Белгилүү болгондой, тилди окутуу мектепке чейинки бала бакчадан тартып, мектептепте – башталгыч, орто, жогорку окуу жайларына да киргизилген. Эне тилин окутуунун максат-милдети албетте, бул баскычтарда бирдей эмес. Бирок илимдин койгон негизги талабы бирдей. Бардык баскычтарда окуучу өз эне тилинде окуп, оюн жаза жана баяндай алышы керек. Билим берүүнүн баскычтарына көз карандысыз эле методика тилди өздөштүрүүнүн обьективдүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн окутат, билим берүүнүн системасын иштеп чыгып, аны текшерүүдөн өткөрөт [1, 267-б.].

Ар бир баскычтын өзүнчө өзгөчөлүгү бар. Мисалы, мектепке чейинки тарбия берүүдө тил багытында негизинен баланын речинин өсүшүнө багытталган.

Ал эми кыргыз тилин башталгыч класста окутуунун методикасынын өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү бар. Анын бардык бөлүмдөрүндө (окуучунун речин өстүрүүдөн башкасында) мурунтадан түптөлгөн эч кандай фундаментке таяна албайт. Ошондуктан анын аталышы да «башталгыч билим берүүнүн методикасы» деп ошого ылайыкташтырылган.

Анын негизги бөлүмдөрүнө токтололу:

Сабаттуулукка үйрөтүүнүн методика-сы, б.а., элементардык окуу жана жазуу. Баланы сабаттуулукка үйрөтүү проблемасы дайыма педагогикада эле эмес, социалдык турмушта да абдан курч коюлуп келген. Анткени элдин сабат-туулугу – анын тили, маданияты, эли үчүн күрөштө анын куралы эмеспи.

Окуу методикасы. Окуу предметинин максаты – башталгыч класста биринчи кезекте шар, туура, түшүнүктүү, көркөм окуу жана көркөм адабият менен тааныштыруу.

Грамматиканын жана орфографиянын методикасы. Бул болсо жазууга үйрөтүү жана каллиграфия, элементардык грамматикалык түшүнүктөрдү жана орфографиялык жөндөмдөрдү калыптан-дырууну өз ичине камтыйт.

Окуучунун речин өстүрүүнүн методикасы. Кенже окуучулар биринчи жолу тил жөнүндө түшүнүк алышат. Кырдаалга байланышпаган речь менен таанышышат: качан сүйлөгүсү келгенде жана ага кызык болгондо гана эмес, аны ойлонуп, пландаштырып, оозеки речтен өзүнүн графикалык, лексикалык, синтаксистик, морфологиялык формасы менен айырмаланып турган жазуу речи калыптанат.

Ал эми речти өстүрүү методикасы болсо баланын андан аркы сөздүк запасын байытып, байланыштуу кебин - оозеки жана жазуу речин өстүрүшү керек.

**Адабияттар**

1. Arista A. Ollero y Fons Esteve M. Estudio del diario como instrumento de reflexion en la formacion inicial de maestros //Lenguaje y textos. Numero 26, Diciembre, 2007, p. 267.
2. Башталгыч класстардын програм-малары. –Бишкек, 2004, 3-23-бб.
3. Чыманов Ж.А. Кыргыз тили: окутуу методдору. –Бишкек, 2007, 15-б.